| | | |
|---|---|---|
| **КАБЫЛ АЛЫНДЫ**<br>И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Педагогикалык Кеңешинин жыйынынын<br>2024-ж. «01» 11<br>№ 3 протоколу | **БЕКИТЕМ**<br>И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин директору<br>Н.К.Турусбекова<br>_______________<br>2024-ж. «19» 11 | **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору<br>М.К. Чыныбаев<br>_______________<br>2024-ж. «20» 11 |

**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинде зачет жана сынактарды өткөрүү боюнча Нускама**

## 1. Жалпы жоболор

Ушул нускама “И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинде окуу процессин уюштуруу жөнүндө” жана “И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин билим алуучуларынын жетишүүсү менен аралык аттестациялоо учурундагы контролу жөнүндө” Жоболоруна жана И.Раззаков атындагы КМТУнун, И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин башка жергиликтүү документтерине ылайык иштелип чыккан (мындан ары тишелүүлүгүнө жараша – Университет жана Колледж).

Бул нускамада И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинде (мындан ары - Колледж) сынак жана зачетторду өткөрүүдө баалоо критерийлери жана өткөрүү тартиби аныкталган.

## 2. Сынак (зачетторду) өткөрүү тартиби

2.1. Сынактар (зачеттор) акдемиялык календарга ылайык окуу планында каралган сынактык сессия учурунда жүрүзүлөт. Сынак (зачетту) акыркы семиардык сабакта же лекциялык сабактарда алууга жол берилбейт.

2.2. Сынак (зачет) сынактык сессияны жүргузүүдө бекитилген график менен белгиленген убакытта атайын бөлунгөн аудиторияда жургузулүүсү керек. Сынак алуучу тарабынан өз алдынча сынак (зачет) убактысын, ордун жылдырууга жол берилбейт.

2.3. Сынак (зачет) башталганга чейин окутуучу бардык керектүү документтерди даярдап коюусу керек, документтер: билим алуучунун келүү баракчасы; билеттин суроолоруна же тесттердин жооптору үчүн билим алуучуга Колледждин мөөрүбасылган контролдук баракчалар; сабактарга катышкандыгы жана жетишкендиги боюнча эсепке алуу тууралуу окутуучунун журналы; кол коюлуп бекитилген контролдук билеттер, тесттер, зарыл болгон баллды алуу үчүн практикалык тапшырмалар жана “И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинде окуу процессин уюштуруу жөнүндө” Жоболоруна ылайык башка материалдар.

2.4. Окутуучу ассистент менен биргеликте сынакты (зачетту) бир гана окуу-усулдук комплексине ылайык дисциплина менен, модулдар коюлган